*УДК: 397.15 (435.8) 010*

**Тилекова Н.Д., доцент, ОшМСУ (КУУ)**

# Мектеп курсунда чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн үйрөтүүнүн актуалдуу маселелери

*Макалада чыгыш адабиятынын айрым үлгүлөрүн мектеп курсунда окутуунун технологиялары Муса Жалил, Расул Гамзатов жана Назым Хикметтин поэзиясынын мисалында ишке ашырылат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *үйрөтүү, адеп-ахлак, үлгү, билим, технология, тарбия.*

*В статье рассматриваются технологии обучения в школьном курсе литературы образцы восточной поэзии на примере творчеств Мусы Жалила, Расула Гамзатова и Назыма Хикмета.*

***Ключевые слова:*** *обучение, нравы, образец, знание, технология, воспитание.*

Республиканын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин адабият программасынын учурда колдонулуп жаткан соңку редакциясынын программалык сунуштарына ылайык VII класста "Чыгыш адабиятынан" деген жалпы бөлүмдүн астында түрк акыны Назым Хикметтин "Пенденин макулуктай бир түркөйү", "Керээз", "Мажүрүм тал", "Мамедге соңку катым" сыяктуу классикалык үлгүдөгү ырларын окутууга 2 саат каралган. Буга удаа башкыр акыны Муса Жалилдин "Алман элинде", "Ишенбе", "Эрк", "Айрылуу", "Ачынуу саптары", "Кул", "Доско" жана "Белегим" деген ырларын окутууга 3 саат, авар акыны Расул Гамзатовдун айтылуу "Менин Дагестаным" аттуу дастан-поэмасынан үзүндүлөрдү окутууга да 3 саат убакыт каралган [1].

Аталган акындар жана алардын программа сунуш кылган чыгармалары чыгыш классикалык адабиятынын мыкты үлгүлөрү катары мектеп курсунда көп жылдардан бери окутулуп келе жатканына карабай, аларды үйрөтүүнүн натыйжалуу технологияларын сунуш кылган педагогикалык же илимий-методикалык эмгектердин саналуу гана болгондугу, илимий изилдөөлөрдүн, газета-журналдык макалаларында аз санда жарыялангандыгын белгилөөгө болот. Ошондуктан бул жагдай мектеп мугалимдери үчүн бир катар кыйынчылыктарды жаратып келүүдө. Ал кандай кыйынчылыктар? Айталы, жетинчи класс адабияттын мектеп курсундагы өткөөл мезгил (этап), тагыраак айтканда, адабияттык окуу (литературное чтение) курсунун жыйынтыктоочу классы, бешинчи класстан башталган адабияттык окуу курсу мына ушул жетинчи класста жыйынтыкталат да, адабияттын кийинки окуу курсуна өтүүгө даярдыктар көрүлө баштаган класс ушул. Демек, бул этаптын өзүнө жараша бир катар өзгөчөлүктөрү бар. Андай өзгөчөлүктөрдүн айрымдарын программанын "түшүнүк кат" бөлүмүнөн да көрөбүз, анда минтип айтылат: "Биринчи этап − бул адабияттык окуу. Мында окуучулар айрым-айрым чыгармалар, алардын үзүндүлөрү, жомок, макал-ылакап жана башка жеке-жеке жанрлар, ал жанрлардын эреже-жолуна ылайык жазылган, түзүлгөн кээ бир көркөм дөөлөттөр менен таанышат. Адабият теориясынан элементардык маалымат алышат. Бул класстарда жазуучунун жандуу сөзүн добушун чыгарып окуу, үн кубултуп көркөм окуу чоң орунду ээлейт. Текстти көркөм окуу жагынан мугалим окуучуларга үлгү болушу керек. Адабий текстти үйрөнүү, көркөм окуу, тилдик талдоо чыгарманы аналитикалык талдоолор менен айкалыштырылышы максатка ылайыктуу. Адабий каарман, көркөм чыгарманын жанрлары, тектери менен түрлөрү, алардын айырмасы, сюжет, троп жана анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат" [1]. Программада акын, жазуучулардын өмүрү-чыгармачылыгын окутуп-үйрөтүүнүн үч түрү сунуш кылынган. Биринчиси, акын, жазуучулардын өмүрүнөн, жалпы чыгармачылыгынан өтө кыскача кабар берүү (бул айрыкча V, VII класстар үчүн), мында акындын же жазуучунун класста өтүлүп жаткан ырына жараша анын чыгармачылыгынын урунттуу учурлары тууралуу гана маалымат берилет; экинчиси, акын, жазуучулардын өмүрү жана чыгармачылык жолу жалпы

маалымат түрүндө, мында мугалим акындын же жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгы тууралуу жалпы мүнөздөгү маалыматын берет; үчүнчүсү, класста чыгармалары окулуп жаткан акындын же жазуучунун өмүр жолу менен чыгармачылыгы боюнча толук мааламат берилет [2].

Демек, орто мектептин курсунда чыгармачылыгы үйрөнүлүп жаткан тигил же бул акындын, жазуучунун же драматургдун өмүр-таржымалын жана чыгармачылык жолун кошо үйрөтүү − чоң мааниге ээ, анткени анын бүтүндөй чыгармачылыгы өзүнүн өмүр жолу менен тыгыз байланышта болот. Айталы, ошол эле Муса Жалилдин айтылуу "Маобит дептерлери" акындын экинчи дүйнөлүк согуш учурундагы фашисттик Германиянын концлагерлериндеги аскердик туткундун көргөн азабы тууралуу реалдуу баяндайт, ал окуялар акындын өмүрүндөгү урунттуу учурлары болгону да талашсыз. Программа сунуш кылган чыгыш адабиятынын үлгүлөрүнөн түрк акыны Назым Хикметтин да авар акыны Расул Гамзатовдун да пенделик жеке тагдырлары мында сунуш кылынган ырларында толук чагылдырылган [2].

Дегинкиси, тигил же бул акындын, жазуучунун же драматургдун адабий мурасын, тигил же бул жанрдагы көркөм чыгарманы же болбосо тигил же бул мезгилдеги адабий мурасты, же болбосо тигил же бул элдин, улуттун өкүлүнүн көркөм чыгармасын мектеп курсунда окутуу сунушу бир катар принципиалдуу талап-критерийлердин негизинде жүргүзүлөт, андай талап-критерийлер адабият программасында да белгиленген. Асыресе, жанрдык-тематикалык талап-критерийлерге ылайык сунуш кылынган чыгармалардын жанрдык жана тематикалык ар түрдүүлүгү эске алынса, көркөмдүк-эстетикалык талап-критерийлердин негизинде сунуш кылынып жаткан чыгарманын көркөм формасынын кооздугу, анын окурмандар арасындагы рейтингинин жогорулугу, окумалдуулугу эске алынат. Адеп-ахлактык (нравалык) талап-критерийлердин талаптарына ылайык сунуш кылынып жаткан көркөм мурастын моралдык-этикалык бийик асыл нарктарга, гуманисттик идеяларга тарбиялоочу мүмкүнчүлүктөрү, таалим-тарбиялык жана таанытуучулук потенциалы эске алынса, педагогикалык-психологиялык талап-критерийлердин талаптарына ылайык сунуш кылынып жаткан көркөм чыгарманын окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө, билим деңгээли менен кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө, таанып-билүү кызыкчылыгына, кругозоруна, муктаждыктарына ылайык келиши керек. Ал эми тилдик-лингвистикалык талап-критерийлерге ылайык тандалып сунуш кылынып жаткан чыгарманын адабий тилдин нормаларында болушу жана жалпы калк үчүн мүнөздүү речтик абалы эске алынат [3].

Эгерде көп жылдардан бери улуттук адабияттын мектеп курсунун жетинчи класстарына чыгыш адабиятынын мыкты үлгүлөрү катары Назым Хикметтин, Муса Жалилдин жана Расул Гамзатовдун поэтикалык мурастары программа аркылуу милдетүү өздөштүрүү сунуш кылынган болсо, анда аталган акындардын сунуш кылынган адабий мурастары жогорудагы талап-критерийлерге толугу менен жооп берет деп кесе айтууга негиз бар.

Андай болгон күндө алардын адабий мурастарын аталган класстын окуучуларынын курактык өзгөчөлүктөрүн, камылгаларын, буга чейин алган адабий, тилдик-лингвистикалык билимин, билгичтиктерин жана көндүм-адаттарын эске алуу менен аталган акындардын сунуш кылынган адабий мурастарынын мисалында жалпы чыгармачылык дүйнөсүн өздөштүрүү, жөн эле өздөштүрүү үчүн сабактарды өтүп коюу эмес, натыйжалуу сабактардын структурасын түзүү милдети турат. Бул үчүн мугалим, методист же окумуштуу-изилдөөчү адабий мурастарды окутуунун улуттук педагогика менен методика илимдеринде буга чейин жасалган иштердин жалпы абалы менен ичкертен таанышып чыгуу милдетин унутпашы керек.

Кыргыз адабиятын мектеп курсунда, кесиптик билим берүүчү окуу жайларда жана жогорку окуу жайларында окутуунун педагогикалык жана методикалык технологиялары менен көптөн бери эмгектенип жүргөн окумуштуулар К.Иманалиев, Б.Алымов, С.Байгазиев, Н.Ишекеев, А.Муратов, С.Батаканова, С.Рысбаев, Т.Мусамбетов,

А.Турдугулов, С.Момуналиев, Д.Саалиева, Б.Оторбаев сыяктуу окумуштуулардын, соңку он-он беш жылдын аралыгында окутуу методикасына аралашкан жаш илимпоз-методисттердин эмгектерин терең өздөштүрүү милдети турат.

Мектеп курсунда кыргыз адабияты сабактарынын алкагында чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн үйрөтүү иштеринин актуалдуулугу ал үлгүлөр аркылуу бүтүндөй чыгыш элдеринин адабий-маданий мурастары менен окуучуну тааныштыруу милдетин аркалагандыгы менен жана бул боюнча мугалимдердин колунда методикалык сунуш-иштелмелердин жок экендиги менен гана түшүндүрүлбөйт. Мындай иштин актуалдуу, заманбап жумуш экендиги мындан кыйла тереңде. Айталы, тигил же бул көркөм мурасты анализдөө, кабыл алуу, аны адабий-эстетикалык өңүттөн трактовкалоо, түшүндүрүү талаптары соңку мезгилде түп тамырынан бери өзгөрдү, мурда мыкты жазылган деп таанылган чыгармалар четке кагылып, мамлекеттик цензура коё бербеген, окурман журтчулугуна жетпей жүргөн адабий-маданий мурастар кайрадан калыбына келтирилип, реабилитацияланып өздөштүрүлө баштады. Экинчи жагынан мектеп окуучусунун адабий-маданий мурастарга болгон мамилеси да кыйла өзгөрүп, аны эми катардагы көркөм мурас менен таң калтыруу өтө кыйынга туруп калды. Окуучунун адабий китеп окубай калганын айтпаганда да дүйнөлүк интернет уюлдары аркылуу өздөштүрүп алган маалыматтары адабий-маданий мурас маселесине келгенде башкача (вертуалдуу же ирреалдуу дейбизби) кабылдоо тенденциясы өкүм сүрүп турган мезгил. Мунун натыйжасында нукура адабий-эстетикалык бийиктиктен кароого толук укугу бар көркөм мурастар кептин түз маанисинде, жабыркап калуу коркунучуна кириптер болуудан оолак эмес[4].

Мына ушундай шартта айрыкча, мектеп жашынан окуучуга көркөм адабиятты кызыгып окуу, алардан таасир алуу (айрыкча поэзиядан ырахат алуу) көндүмдөрүн үйрөтүү милдети ушул адабият сабактарында жүргүзүлөөрү белгилүү. Назым Хикметтин “Пенденин макулуктай бир түркөйү”, “Керээз”, “Мажүрүм тал”, “Мамедге соңку катым” сыяктуу поэтикалык мурастарын окутуу аркылуу мектеп окуучусунун акындын бул ырларындагы лирикалык каармандын эркиндикке умтулуусу, күрөш идеясы, адам рухунун күчү, акындын ырларындагы поэтикалык ойлордун салмактуулугу, таамайлыгы менен таасирдүүлүгү сыяктуу билим, билгичтиктерди калыптандыруу милдети турат. Муса Жалилдин “Алман элинде”, “Ишенбе”, “Эрк”, “Айрылуу”, “Ачынуу саптары”, “Кул”, “Доско” жана “Белегим”, Расул Гамзатовдун айтылуу “Менин Дагестаным” аттуу дастан-поэмасынан үзүндүлөрдү окутуу аркылуу аталган акындардын ойлорунун бийиктиги, поэтикалуулугу, философиялык маанисинин тереңдиги, элдик тилдин чебер колдонулушу, тарбиялык таасиринин күчтүүлүгү, адамдын өткөн тарыхы менен бүгүнкү күнүнүн алака-катышы сыяктуу нукура билим, билгичтик, көндүм-адаттарды калыптандыруу милдети турат.

Ушул жерде лириканы окутуу багытында олуттуу орду жана эмгеги бар окумуштуу С.Момуналиевдин төмөнкү пикирин келтирүүнүн өңүтү келип турат. Ал адабиятты, анын ичинде лириканы окутуу жөнүндө минтип жазыптыр: “Анткени ар кандай илимдердин учуру да , келечеги да болочоктогу муундардын маданиятына, адабиятка, анын ичинен, көркөм тексттин өзүнө болгон мамилесине көз каранды экендигин эч кимибиз унутпообуз шарт. Орустун улуу жазуучусу Ф.Достоевский өзүнүн 1863-1864-жылкы күндөлүк дептерине: «2 х 2 – илим эмес, факты гана. Бүт болгон фактыларды издеп табуу, ачуу – илим эмес, мына ошол фактылар менен иштөө – бул илим», – деп жазыптыр. Чындыгында эле, акын-жазуучулардын өмүр баянын билип коюу, чыгармаларынын аттарын атап, ырлардан айрым саптарды жатка айтып коюу бул али адабият сабагы эмес, мына ушул акын-жазуучулар, алардын көркөм дөөлөттөрүн жүрөгү менен кабыл алып, ага толкунданып, сүйүнүп-сүрдүгүп окуп чыгып, сезим менен ой элегинен өткөрүү гана адабият сабагы болот. Адабиятты окутуунун ар кандай технологиялары менен формаларын издеп табуу, аны мектеп турмушуна кийирүү аракети да мына ушулар аркылуу түшүндүрүлөт” [5].

Сөз зергерлеринин көркөм туундуларын окутуунун түпкү максаты – окуучуну ошол өзү окуп, үйрөнүп жаткан акындын турмуш кубулушун көрүү, ага баа берүү жана рахат алуу деңгээлине көтөрүү. Бул үчүн, эң биринчи, мугалимдин өзүнүн адабий даярдыгы, методикалык чеберчилиги, окутуу техникасы жогору болушу керек, экинчи, ал окуучулардын курактык, психологиялык, индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн мыкты билиши зарыл, соңкусу учурдун окутуу технологиялары менен интерактивдүү методдорун өз сабагында ыктуу колдоно алышы шарт. Мына ушул талаптарды жетекчиликке алганда гана, мугалимдин ар кандай акын жөнүндө өткөн сабагы окуучуну кайдыгер калтырбай, кызыгуусун жаратып, анын активдүү аракеттенишине өбөлгө түзүп, жан дүйнөсү бай, мекенчил, чыгармачыл инсан катары калыптанышына жардам берет.

**Адабияттар**


1. Кыргыз адабиятынын программасы: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V-XI класстары үчүн. Оңдолуп, толукталып, төртүнчү басылышы. – Бишкек, 2011. 66 бет.
2. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. – Фрунзе: Мектеп, 1981(I китеп), 1984 (II китеп). 333 бет.
3. Муратов А. Адабият ыйман сабагы. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. 142 бет.
4. Байгазиев С., Рысбаев С. Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар. – Бишкек, 1992. 123 бет
5. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика. – Бишкек: 272-бет.
6. Кыргыз адабияты: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түз.: Ж. Шериев, А. Муратов. – Бишкек, 1994, 2004. 177 бет.



**OSHGU TILEKOVA N.D., docent, (KUU)**
**etilekova74@inbox.ru**


## Urcent issues of teaching models of eastern literature in school curriculum


*The article touches upon the teaching techniques in the school curriculum of literature of examples of the oriental poetry on the model of the creative work of Musa Jalil, Rasul Gamzatov and Nazym Hikmet.*



***Key words:*** *and deepen styles labor, sample, knowledge, technology,education.*